**ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БИШКЕК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

№70/1 ЧЕЧИМ

Бишкек ш. 10июль 2021жыл

**Н.Т. Машрапованын арызын кароо боюнча**

Бишкек аймактык шайлоо комиссиясына (мындан ары – БАШК) Машрапова Назира Турсуналиевна аттуу жарандан №1228 УШКнын төрагасы Т.Н.Уметовага караштуу арыз түшкөн.

Арызда 2017 жылы 14 октябрь күнү Кыргыз Республикасынын Президенттик шайлоосунда №1228 УШКнын төрагасы Т.Н.Уметова мыйзам бузган деп көрсөтүлгөн.

Н.Т. Машрапова №1228 УШКда 2 ай кызматтык милдеттерин аткарып ишетегенин, жана шайлоо күнүнүн алдынкы күнүндө №1228 УШКнын төрагасы Т.Н.Уметованын күнөөсү боюнча милиция кызматкерлери аны Шаардык милиция бөлүмүнө алып кетишкенин билдирет. Ошондой эле, Н.Т. Машрапованын сөзү боюнча ал добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүгө чыкмак болчу, бирок анын ордуна төрага башка УШКнын мүчөсүн жиберген.

Арыз ээси Бишкек аймактык комиссиясын айтылган фактты изилдеп, туура чечим кабыл алуусун суранат.

Материалдарды карап чыгып, Бишкек аймактык комиссиясы төмөнкүнү билдирет.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын (мындын ары - Мыйзам) 42 беренесине ылайык *Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз,* ***бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.***

Ошондой эле, Мыйзамдын 42 беренесинин 5 бөлүгүнө ылайык *Шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат.* ***Арыз, даттануу жүйөлүү болуп жана алар негизденген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш.***

№1228 УШКнын төрагасы Т.Н.Уметованын түшүнүк катын көңүлгө алуу менен, арыз берүү мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 41, 42 беренелерине ылайык, Кыргыз

шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Мыйзамынын 20 беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 7-июлундагы № 212 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттануулары) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө» Жобосун жетекчиликке алып, Бишкек аймактык комиссиясы төмөнкү

**ЧЕЧИМ ЧЫГАРДЫ:**

1. Н.Т Машрапованын арызынын талаптарын канааттандыруудан - баш тартуу.
2. Ушул чечимди Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына, Н.Т Машраповага жиберилсин.
3. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Б. А. Конуровко жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К. Стамов**

**Катчы** **Б.А. Конуров**